**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛУСУ**
**АК-ТАЛАА РАЙОНУ**

**ТОГОЛОК-МОЛДО АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТОГОЛОК-МОЛДИНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Тоголок-Молдо айылдык Кенешинин кезексиз XV сессиясынын**

# Т О К Т О М У

**“ 12” ноябрь 2025-жыл** **№15/4** **Жаны-Талап айылы.**

**Тоголок-Молдо айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн “Ардактуу атуулу” наамдарын берүү жөнүндө**

Тоголок-Молдо айыл аймагынын,айыл өкмөтүнүн сыйлыктарды берүү комиссиясынын катчысы М.Орозобекованын жана **“Ардактуу атуулу”**наамын ыйгаруу боюнча Тоголок-Молдо айыл өкмөтүнүн сыйлыктарды берүү боюнча комиссиясынын сунушу менен, Жаны-Талап айылынын кызы, “Маданияттын мыкты кызматкери”, кыргыздын патриот кызы экендигин баардык иште көрсөтүп, мыкты жетишкендиктерди жаратып, жогорку мамлекеттик сыйлыктардын ээси ,республикалык масштабда өткөрүлгөн кароо сынактардын жеңүүчүсү болгон Абдраева Наргиза Шамбетовнанын иш таржымалы менен комиссиянын билдирүүсүндө толук таанышып, угуп жана талкуулап, Тоголок-Молдо айылдык **кенешинин сессиясы токтом кылат:**

1. Тоголок-Молдо айыл аймагынын, айылдык Кенешинин Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктарына жана ардак наамдарын берүү ыйгаруу жана сыйлоо комиссиясынын сунушу менен Ак-Талаа районунун Тоголок-Молдо айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн **“Ардактуу атуулу”наамы** “Маданияттын мыкты кызматкери” Абдраева Наргиза Шамбетовнага берилсин.
2. Ак-Талаа районунун Тоголок-Молдо айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн **“Ардактуу атуулу”** наамын, Бишкек шаарында өтүлүүчү Н.Абдраеванын жеке чон концерттик салтанатында тапшыруу Тоголок-Молдо айылдык кенештин депутаттарына тапшырылсын.
3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү жаштар,спорт, маданият жана спорт маселелер боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

**Төрайым:** **Г.Бегимкулова**

---